# Хан-бий



Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Хан-бий

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Хан-бий» (кыргыз тилинде), автор Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Нурлан Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Күн түшкө маал болуп калса да, короо тазаланбай, тоокторго жем берилбей турат. Жамал менен Бекзат көрүнбөйт. Дастан аларды издеп, эшикке жөнөдү. Далистин терезесинин текчесинде жаткан чүкөлөргө көзү түштү. Чүкөлөр төртөө болчу. Эсине кичинекей кезинде атасы үйрөткөн «Хан-бий» аттуу оюн келе калды.

Көчөгө чыкса, иниси менен карындашы үйдүн жанындагы көлөкөдө кошуна балдар менен телефон карап отурушкан экен.

– Жамал, Бекзат, үйгө келгилечи!  Мадинаны да ээрчите келгиле, – деди Дастан.

Жамал, Бекзат жана Мадина үчөө бат эле келип калышты.

– Эмне болду, байке? – деди суроолуу карап Жамал.





– Мен силерге бир кызыктуу оюн үйрөтөм.

Дастан балдарды бактын ичиндеги сөрүгө ээрчитип барды. Төртөө шырдактын үстүнө тегерете отурушту. Дастан чөнтөгүнөн чүкөлөрдү алып чыкты да, үчөөнүн ар бирине бирден чүкө карматты. Өзүнө болсо, коночоок чоң сакасын алып калды.

– Силер чүкөлөрдүн конушун билесиңерби? – деп Дастан балдардан сурады.

– Ооба, – дешти алар жарыша.

– Анда жакшы, – деди да Дастан сакасын шырдак бетине өкчөдү эле, алчы конду.

– Айкүр, – деди Бекзат.

Дастан анын «алчы» жана «айкүр» деп айтса да болорун түшүндүрдү. Анан балдардын ар бирине чүкөлөрүн өкчөтүп чыкты. Алар чүкөлөрүнүн конушуна жараша, «таа», «бөк» жана «чик» деп айтып беришти.





– Эмесе, – деди Дастан сөзүн улантып, – азыр биз «Хан-бий» деген оюн ойнойбуз. Хан дегенди билесиңерби?

– Ооба, ал падыша да, – деди озуна сүйлөп Жамал.

– А «бий» деген ким?

Балдар унчукпай калышты.

– Ээнбаш адамдарды тартипке чакырган ким? – деди Дастан, балдарды ойлонтуп.

– Аа, ал – сот да… – деди Бекзат.

– Ооба. Сотту  мурда кыргыздар «бий» дешчү экен. Ошондон улам, биз ойной турган оюндун аты «Хан жана Бий», же болбосо, кыскача “Хан-бий” деп аталат.

Хан баарын башкарат, бий болсо анын мыйзамдарын орундатат, тартип бузгандарды жазалайт. Күнөөсүн моюнуна коюп, чындыкты айткан киши «күбө» болот. Ошон үчүн кимдин чүкөсү «чик» түшкөн болсо, ал – «айыпкер», ал эми кимдики «бөк» түшсө, дал ошол «күбө» болорун түшүндүрдү.





Оюндун эрежеси боюнча, адегенде, Хан шайланышы керек. Ошондуктан кимдин чүкөсү «алчы» түшкөнчө өкчөшө турган болду.

– Биринчи, улуудан баштайлы – деп, Дастан чүкөнү өкчөдү. Ал сакасын өкчөгөндө эле, «алчы» түшүп, Хан шайланды.

– Ханым, ордуңуз кут болсун! – деп балдар тамашалай таазим этишти.

– Эми, Мадина, сен өкчө, – деп бөйрөгүн таянган “Дастан-хан” каадалана сүйлөдү да, оюнду андан ары улантууга буйрук берди.

Мадина чүкөсүн өкчөдү эле, «таа» конду. Балдар дагы «дуу» эте түшүштү. Демек, Мадина «бий» болду. Чүкө өкчөө кезеги эми Жамалга келди. Анын чүкөсү «бөк» конду.  Ал күбө катары жүрүүчү адам болуп шайланды.

Кезек Бекзатка келди эле, анын чүкөсү «чик» конду. «Мадина-бий» анын колунан шап кармады да, “Дастан-ханга» кайрылды.





– Ханым, Бекзат ээнбаштык кылып, колго түштү. Ал кечээ кечинде кошунанын ак төш кучүгүн чыбык менен чаап жибериптир. Күнөөкөрдү тартипке чакырбасак болбойт!

«Дастан хан» «Мадина-бийге» олуттуу карады да, мындай деди:

– Бийим, кошунанын ак төш күчүгүн чапканы чын бекен? Күбө болуучу киши барбы?


– Бар, ханым. Мына – күбө болуучу киши, – деди эле:


– Ооба, Ханым! Бекзат кошунанын күчүгүн жөнү жок чапканы чын, – деди «Жамал-күбө». – Мен күбө боло алам.

Бекзат «айыпкер” ээнбаштыгын моюнуна албай, каршылык көрсөтүп жатты.

– Ханым, бул – жалган. Кошунанын күчүгүн башка бала чапкан, – деди кутулуп кетүүнүн айласын издеп.

– Ханым, айыпкер жалган айтат. Мен кечээ кечинде ата-энем менен бирге коноктон келе жатып көргөнмүн…





«Дастан-хан» «Мадина-бийге» кайрылды:

– Демек, чын экен. Бирок Бекзат мурда ээнбаштык кылган жок беле?

– Жок, ханым.

– Анда, Бекзат биринчи жолу күнөө кылгандыгы үчүн жеңил иш тапшырам, – деди Хан каадаланып, үнүн өзгөртүп, – Тоокторго жем чачып келсин.

Бекзат, оюндун шартына көнүп, тоокторго жем чачууга жөнөдү.

– Балдар, кандай дейсиңер? Бекзат тоокторго жем чачып келгенче, биз короодогу башка жумуштарды жасай берели, – деди Дастан-хан каадаланып, үнүн башкача чыгарып.

Хандын ролунан чыга албай жаткан байкесине күлүшүп, бирин-бири ээрчише короого жөнөштү.





– Урматтуу ханым! Жумуштун баарын бүтүргөн соң, оюнду кайра улантсак болобу? – деп Жамал Дастанга кайрылды.

– Албетте, болот! Оюндун шартын жакшы билип калбадыңарбы?.


Байкеси үйрөткөн оюн баарына жакты. Маанайлары көтөрүңкү, өз ара тамашалашып жатышты. Оюн тууралуу кептери түгөнбөй, жумушту кандай бүтүрүп коюшканын да байкабай калышты.
Бекзат болсо, ак төш күчүктү көрүүгө жөнөдү...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли